Канча күн өттү, кайрылып келбей,
Билбей оюңду.
Калбай артыңдан, кадам таштадым,
Үзбөй жолумду.
Кайдасың айтпай, кайрылып кайтпай,
Түнгө жашынып?
Айсыз караңгы, жетпей каламбы,
Сени сагынып?
Кайырма:
Кеттиң кайда?
Оюмдан кетпей, оорудум жетпей.
Талпынып сага жетпей,
Дарыма жетпей.
Оюмдан кетпей, оорудум жетпей.
Талпынып сага жетпей,
Дарыма жетпей.
Балким, кечиктиң,
Маңдайга жазган тагдыр, түшүнгүн.
Арзуу, махабат, жетпедим сүйүүгө,
Сенсиз өкүндүм.
Кайдасың айтпай, кайрылып кайтпай,
Түнгө жашынып?
Айсыз караңгы, жетпей каламбы,
Сени сагынып?
Кайырма: